№ 1ПЕд. кеңеште каралды

28.08.2020-ж

"Бекитемин

Мектеп директору:

Сагынбеков Б.М.

С.Жоошбаев атындагы Баш- Карасуу жалпы билим берүү орто мектебинин

окуучулар арасында сакталуучу

**этикалык ченемдер**

Мектепте этикалык ченемдер ,Кыргыз Республикасынын билим берүү системасындагы окуучулардын , ата- энелердин укугу жана милдетинин негизинде жөндөлөт.

Мектепте окуучунун этика ченемдери , окуучунун Кодексине ылайык болот.

Кодекстин максаты – окуучулардын мугалимдер , ата – энелер жана коомчулук менен мамилесинин негизги формасын аныктоо.

**Жалпы жобо :**

1. Окуучунун укугу , кызыкчылыгын коргоо мыйзамы , Кыргыз Республикасынын баланын укугунун Конвенциясы , улуттук баалулуктарга ылайык түзүлөт.
2. Окуучунун этика принциптери :

- гумандуулук
- мыйзамга баш ийүү
- демократиялуулук
- калыстык
- өз ара сый мамиле

**Окуучунун жалпы этика эрежелери :**

- билим алууга ,өмүрүнүн корголушуна ,окуу мезгилинде ыңгайлуу шарт түзүп берүүсүнө мектеп милдеттүү ;
- уставды жана башка мектептин башка нормативдик докуметтерин аткаруу ;
- билим алууда мектепте алган билим көндүмдөрүн алууда өз активдүүлүгүн көрсөтүү менен , өз оюн билдирүүгө;
- Кечикпей өз убагында сабакка келүү , сабакка даярданууга , мугалимдин бардык тапшырмасын аткарууга ;
- окууга эстүүлүк менен мамиле жасоо , артта калган окуучунун окуусуна жпрдам берүү ;
- сабак калтырса , калтыргандыгы жөнүндө документти көрсөтүү ;
- мектеп мүлкүн сактоого, башка адамдардын эмгегинин жыйынтыгын, мектепке жана башка адамдарга келтирген зыянды ата – энелердин жардамы менен калыбына келтирүү ;
- окуучулардын жана мектепте эмгектенген адамдардын эмгегин , кадыр – баркын сыйлоо ;
- өзүн – өзү башкарууга, мектеп жана класстык дежурствого катышууга,мектеп участогундагы керектүү жумуштарды , иштерди аткаруу ;
- мектептеги ички тартибин , техника коопсуздугун ,санитария жана гигиена эрежелерин сактоо жана колдоо ;
- мектептин намысын коргоп , ар кандай олимпиадада , конкурс , иш – чараларга катышуу ;
- улууга урмат , кичүүгө ызаат мамиле кылууга калыптануу ;
- тыныгуу мезгилинде ,башкаларга тоскоолдук жаратпай , коридордо чуркабай ,үндү бийик көтөрбөй,өзүн туура алып жүрүү ;
- мектептен сабакка тоскоолдук жаратып , телефон колдонбоо ;
- мектепте ,үйдө , көчөдө жана башка коомдук жайда тартипти сактоо , адептүү болууга, жүрүм – турум эрежелерин сактоо ;
- тамеки , токсикалык жана наркотикалык заттарды колдонбоо , спирт ичимдиктерин ичпөө ,мектепке семечка , сагыз ж,б алып келбөө.

# ОКУУЧУНУН КОДЕКСИ ЖАНА УКУКГУ

1. Кыргыз Республикасынын Конститутциясын сактоо ,эгемендүү Кыргызстандын символдору болгон гимнди , гербди ,желекти билүү урматтоо;
2. Манастын осуяттарынын негизинде чынчыл жанаадилетжашап , өлкөнүн атуулу катары өз Ата- Мекнин урматтоого жанасүйүүгө ;
3. Улууларды , мугалимдерди жана ата – энелердиарматтоого ;
4. Акыл – эсти өтөстүрүүгө,билимдүүлүккө жана адептүүлүккө умтулууга;
5. Энетилин сүйүү жана үйрөнүүгө , башка элдердин ,өлкөлөрдүн тилин жана маданиятынсыйлоого ;
6. Кыргыз Республикасынын Конститутциясында жана балдардын укугун корго жөнүндөгү конвенцичда каралган өзүнүн жана башкалардын укуктарын коргоого ;
7. Ден- соолукту сактоо ,чыгармачыл жөндөмдүүлүктү өстүрүү жана кам көрүү ;
8. Дайыма үлгүлөрдүн катарында болууга жана жардамга муктаждарга колдоо көрсөтүүгө ;
9. Акыл – эстүү болууга ,ойлонулбаган чечимдерди кабыл албоого ;
10. Ар ким менен өз ара түшүнүүчүлүк мамиледе болуу , башкаларга жардам берүү ;
11. Башкалардын көз караштарын , каада – салттарын жана динин сыйлоо менен талеранттуулуктусактоого.
12. Өзүмдүн билимиме жана билгичтигиме туура баа алууга укуктуумун
13. Өзөмдүн кол тийбестигим коргоого ,өзүмдүн курбуларымды,,мугалимдеримди сыйлоого ;
14. Өзүмдүн оюмду , көз карашымды эч кимден корпой эркинайтууга